ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университети**

***Жусубалиев Али Бурканович***

# Кыргыздардын исламды кабыл алуусу

*Кол жазма укугунда*

Адистиги 09.00.14-Дин философиясы жана дин таануу

Философия доктору (PhD) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

ОШ - 2016

ABBYY FineReader 14
Click here to buy
www.ABBYY.com

Изилдөө, Анкара университети гуманитардык илимдер институту ислам тарыхы жана искусствосу кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** теологиянын доктору, профессор **Сейфеттин Эршахин**

**Официалдуу оппоненттер:** теологиянын доктору, профессор

**Мустафа Эрдем**

теологиянын доктору, профессор

**Мехмет Өздемир**

теологиянын доктору, доцент

**Хасан Курт**

теологиянын доктору, доцент

**Фазлы Полат**

**Жетектөөчү мекеме:** Ататүрк университетинин философия жана дин илимдери кафедрасы

Диссертациялык иш 2005-жылдын 18-майында саат 10:00 Анкара университетинин (Туркия Республикасы) гуманитардыкилимдер институтунун алдындагы теологиянын доктору (PhD) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча диссертациялык кеңештин жыйынында корголду.

Дареги: Анкара шаары (Түркия Республикасы).

Диссертациялык иш менен Туркия Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын сайтынан http://tez.yok.gov.tr/UlusalTezMerkezi/tezSorguSonucYeni.jsp түрк тилинде таанышууга болот.

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз эли тарых барактарына жазылган алгачкы күнүнөн баштап, азыркыга чейин өз баалуулуктарын коргой билген, тектүү каада-салттарын жаңы маалыматтар менен шайкеш келтире алган түрк элдеринен саналат. Кыргыз элинин ислам динин кабыл алуусу, түрк тарыхы, аймактын тарыхы жана ислам тарыхынын өңүтүнөн изилденүүгө татыктуу тема болуп саналат.

Азиянын учу кыйырсыз талааларында узак мезгилге чейин көчмөн турмушун өткөргөн кыргыздар караханиддердин доорунда мусулмандар менен түрдүү мамилелерди түзүү менен бара-бара ислам динин кабыл ала башташат. Көчмөн элдин жаңы дин болгон ислам динин кандай себептер менен канча убакытта кабыл алышкандыгын жана маданиятында бул жаңы динге кандай орун берилгендигин изилдөө бир чети абдан оор, бир чети абдан пайдалуу илимий иш болуп саналат.

Азыркы кыргыз коомчулугунда исламдык баалуулуктардын мааниси бара-бара өсүп бара жатат, кыргыздардын исламдашуу процессине байланыштуу татыктуу изилденген чыгармалардын саны абдан аз. Исламдын кабыл алынышы кыргыз тарыхынын маанилүү бурулуштарынын бири болгондугуна байланыштуу, бул тема кыргыз тарыхынын эң чоң окуясы болуп саналат. Бул окуянын жеткиликтүү деңгээлде изилденилиши, ислам дининин кыргыз коомчулугунда кандай деңгээлде мааниге ээ экендигин аныктоого шарт түзүүдө.

Адам баласы тарыхтын ар бир доорунда ишеним муктаждыгына ээ болуп келген. Кыргыздар өздүк салттуу ишенимдери менен бирге тарыхтын түрдүү доорлорунда башка дин же болбосо ишенимдер менен бет маңдай келишкен; бирок бул беттешүүлөр кыргыз коомунун ишеним түзүлүшүндө туруктуу жана негиздүү өзгөрүүлөрдү алып

келген эмес, кыргыздар өз салттуу ишенимдерин да жашатып келишкен. Муну менен бирге кыргыздардын ислам дини менен курган мамилеси башка дин же ишенимдерден абдан айырмаланып турган. IX кылымдан баштап ислам дини менен таанышкан кыргыздар башка түрк элдериндей эле топ тобу менен исламды кабыл ала башташкан. Бул кабыл алуу болушунча узун жана ар түрдүү окуялардын натыйжасындаишке ашкан.Муну кыргыздардын негизги тобунун узак жылдар бою түрк ислам борборлорунан алыс Энесай жана Түштүк Сибирь аймактарында жашагандыгы менен байланыштырсак болот. Албетте, бул процессти өз алдынча изилдөөгө болбойт, анткени кыргыздар менен бирге башка түрк элдери да бул жаңы динди кабыл алуу жолуна түшүшкөн. Бул себептен көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын жашоо шарттары жана диний көз караштары жалпы түрк тарыхынын ичинде кенен кесир бааланышы, изилдениши зарыл.

**Диссертациянын изилдениш деңгээли**. Ислам дининин Аравия жарым аралында жайылуусу боюнча көптөгөн ислам тарыхы китептеринде маалыматтар жазылган. Андан кийинки төрт халифа, умаййаддар жана аббасиддер доорундагы исламдын жайылуусу боюнча да бир топ эмгектер жарык көргөн. Ал эми кыргыздардын ислам динин кабыл алуусу тууралуу маалыматтар дээрлик жокко эсе. Биз бул изилдөөбүздө мына ошол боштукту толтуруу максатын көздөгөндүгүбүздү белигилегим келет. Изилдөөнүн терең жана мазмундуу болуусунда төмөндө шилтемеде берилген негизги ислам

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

тарыхы китептеринен пайдаландык.[1] Падышачылык Орусия доорунда жана Советтер Союзунун учурунда көбүнесе орус тектүү бир топ

---

[1]•Ибн Хурдадбек, Абул-Касым УбайдуллахибнАбдуллах (ө. ж. 272/886), *«Китабул-Масалик вал-Мамалик»*.

•Белхи, Абу Зейдибн Сехл (ө. ж. 322/934) *«Китабул-Бед ват-Тарих»*.

• Истахри, Абу Исхак Ибрахим ал-Фариси, (ө. ж. 346/957) *«Китабул-Масалик вал-Мамалик»*.

•Абу Дулаф, Миъсар бин Мухалхил ал-Хазрати (X кылым), *«Рисалатул-Аввал»*.

• Автору белгисиз болуп, Минорский тарабынан жарыяланган (X кылым)*«Китабу Худудул-Алем минал-Машрик илал-Магриб.»*

•Ибн Хавкал, Абул-Касым ан-Насибинин (367/977-ж. дан кийин каза болгон),*«Китабу Суратил-Арз»*.

•Макдиси, Шемседдин Абу Абдуллах Мухаммед бин Ахмед (б.з. 388-ж./б.з. 998-ж. каза болгон) *«Ахсанут-Такаасим фи Маърифетил-Акалим»*.

•Гардизи Абу Саид Абдул-Хайй бин Даххак (XI кылым) *«Зайнул-Ахбар»*.

•Жусуп Баласагындын (1018-ж.туулган) 1067–1070-жылдардын ортосунда жазган *«Кутадгу Билиг»*.

•Махмуд Кашгари (1029-же 1038-ж.туулган)*«Китабу Жавахирун-Нахв фил-Лугатит-Түрк»* жана *«Китабу Дивану Лугатит-Түрк»*.

•Марвази, Шарафуз-Заман Тахир, 514/1120-жылдарда Селжук мамлекетинин султаны Санжардын доорунда жазылган *«Табаиъул-Хайаван»*аттуу эмгек.

•Ибнул-Асир, Иззуддин Абул-Хасан Мухаммед ибн Абдулкерим (1160-1234) *«ал-Камил фит-Тарих»*.

•Жувейни, Алаеддин Ата Мелик (1226–1283) *«Тарихи Жихангуша»*.

•Мухаммед бин Нежиб Бекран (XII кылым) *«Жаханнаме»*.

•Рашидуддин Фазлаллах (1318-ж.каза болгон), *«Жамиу'т-Таварих»*.

•Ибн Баттута (1304-1368), *«Рихле/Ибн Баттута Сейахатнамеси»*.

•Шами Низамуддин, *«Зафарнаме»*. 1401-1402-жылдары жазылган

•Мырза Улугбек (1393-1449)*«Тарих-и Ерба-ы Улус/ Төрт улус тарыхы»*.

•Захиреддин Мухаммед Бабур (1483–1530), «Бабур-наме»

•Мирза Мухаммед Хайдар (1499–1551) Ташкентте туулган. Ал 1541–1546-жылдары фарс тилинде *«Тарихи Решиди»*.

•Мевлана Пир-и Бухара *«Жалиси Муштакин»*. Чыгарма XVI кылымдын аягында бүткөрүлгөн.

•XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башына тиешелүү автору белгисиз *«Зийаул-Кулуб»*

•Абулгази Бахадыр Хан (1603–1664), *«Шажараи Таракима»* жана *«Шажараи Түрк»*

•Шах Махмуд бин Мирза Фазыл Чурас тарабынан 1676-77-жылдары жазылган *«Тарих»*

•Автору белгисиз *«Тарихи Кашгар»*аттуу чыгарма XVII кылымдын аягы XVIII кылымдын баштарында уйгур тилинде жазылган.

•Мухаммед Садык Кашгари (1740–1849) *«Тазкираи Хожаган»*.

•Абу Мансур (XIX кылым), *«Рафикут-Талибун»*.

•Зиябидин Максым Магзуни (XIX кылым), *«Фаргана хандарынын тарыхы»*(Бишкек 2007).

•У. Д. Тиесенхаузен *«Алтын орду девлети тарихине айит метинлер/Алтын ордо мамлекетинин тарыхына тиешелүү тексттер»*.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

илимпоздор кыргыздардын исламдашуусу тууралуу өздөрүнүн өз пикирлерин айтышкан. Бирок алардын көз караштары же изилдөөлөрү жалпысынан саясий жана идеологиялык негизде берилген. Булардан сырткары кээ бир түркиялык илимпоздор да бул темага байланыштуу илимий иштерин жүргүзүшкөн. Биздин илимий ишибизде бир топ булактар менен бирге бул иштерге да шилтеме жасалды. Айрыкча диссертацияда кыргыздарга байланыштуу көлөмдүү китептерди жазган жана аймакты өз алдынча кыдырган саякатчы тарыхчылардын чыгармаларына да кайрылдык.

**Изилдөөнүн максаты жана мааниси.**Тарыхый маалыматтарга таянсак эң байыркы түрк урууларынын бири болгон кыргыздар көчмөн турмуштун өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен өз каада-салттарын жана ишенимдерин бекем тутунган эл болуп саналат. Бир топ эски каада-салт жана ишенимдердин азыркы кыргыз коомчулугунун күнүмдүк жашоосунда колдонулуп келгендиги бул абалдын айдан ачык көрсөткүчү болуп саналат. Ошондуктан изилдөөбүздүн кириш бөлүмүндө кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери же тутунган диндери тууралуу маалыматтарды бердик. Бул болсо исламды кабыл алган кыргыздардын эски ишенимдерин да канчалык деңгээлде уланткандыгын аныктоого да жардам берет.

Адам баласы тарыхтын ар бир доорунда ишеним муктаждыгына ээ болуп келген. Кыргыздар өздүк салттуу ишенимдери менен бирге тарыхтын түрдүү доорлорунда башка дин же болбосо ишенимдер менен бет келишкен; бирок бул беттешүүлөр кыргыз коомунун ишеним түзүлүшүндө туруктуу жана негиздүү өзгөрүүлөрдү алып келген эмес, кыргыздар өз салттуу ишенимдерин да жашатып келишкен. Муну менен бирге кыргыздардын ислам дини менен курган мамилеси башка дин же ишенимдерден абдан айырмаланып турган. IX кылымдан баштап ислам

дини менен таанышкан кыргыздар башка түрк элдериндей эле топ тобу менен исламды кабыл ала башташкан. Бул кабыл алуу болушунча узун жана башаламан окуялардын натыйжасындаишке ашкан.Муну кыргыздардын негизги тобунун узак жылдар бою түрк ислам борборлорунан алыс Энесай жана Түштүк Сибирь аймактарында жашагандыгы менен байланыштырсак болот. Албетте, бул процессти өз алдынча изилдөөгө болбойт, анткени кыргыздар менен бирге башка түрк элдери да бул жаңы динди кабыл алуу жолуна түшүшкөн. Бул себептен көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын жашоо шарттары жана диний көз караштары жалпы түрк тарыхынын ичинде кенен кесир бааланышы зарыл. Бул изилдөөдө кыргыздардын ислам динин кабыл алууларын жана эски ишенимдеринин ислам дини менен кантип орун алмашкандыгын деталдуу түрдө маани берилмекчи.

Азыркы кыргыз коомчулугунда исламдык баалуулуктардын мааниси бара-бара өсүп бара жатат, кыргыздардын исламдашуу процессине байланыштуу татыктуу чыгармалардын саны абдан аз. Исламдын кабыл алынышы кыргыз тарыхынын маанилүү бурулуштарынын бири болгондугуна байланыштуу, кыргыз тарыхынын эң чоң окуясы болуп саналат. Бул окуянын жеткиликтүү деңгээлде изилденилиши, ислам дининин кыргыз коомчулугунда кандай деңгээлде мааниге ээ экендигин аныктоого шарт түзүүдө.

**Изилдөөнүн методу.** Түрк элдеринин көпчүлүгүнүн исламдашуусу VIII-XIV кылымдардын ортосунда аяктаган, бирок кыргыздардын исламдашуу процесси IX кылымда башталганы менен башка көчмөн түрктөрдөй эле кийинки кылымдарда да уланган. Кээ бир кыргыз урууларынын XVIII кылымда ислам динин кабыл алгандыгы белгилүү болгон. Бул абал алардын көпчүлүгүнүн узак мөөнөт мусулман маданиятына таандык борборлордон алыс калгандыгы менен

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

түшүндүрсөк болот. Ушул себептен биз кыргыздардын ислам динин кабыл алуу процессин караханиддердин доорунан баштап Кокон хандыгынын доoруна чейин деп белгиледик.

Изилдөөбүз кириш сөздөн жана үч бөлүмдөн турат. Киришүү бөлүмүндө кыргыздардын исламдашуудан мурунку жалпы абалы, саясий тарыхы, калк катары калыптанышы, коомдук түзүлүштөрү, маданий жана диний абалдары тууралуу маалымат берилген, анткени бул темалардын түшүндүрүлүшү аркылуу кыргыздардын исламдашуу процесси жана ага таасирин тийгизген факторлор тууралуу кенен маалымат алууга мүмкүн. Кыргыздардын Энесай, Алтай жана Түштүк Сибирь жергесинен азыркы жашаган жерлерине чейин көчүп жайгашуулары алардын исламдашуу процесси менен тикеден-тике байланыштуу. Айрыкча, байыркы тарыхка ээ болгон кыргыздар бүгүнкү кыргыз элинин уюткусун түзгөндүгү менен бирге кошуна элдер менен уруулар да аралашып кеткендиги талашсыз. Кыргыз элинин түзүлүшүндө башка түрк жана монгол урууларынын да салымы чоң экендиги белгилүү. Бул процесс кыргыз деген ат пайда болгондон баштап, XVI кылымда аяктаган. IX-Хкылымдардан баштап Теңир-Тоонун айланасындагы кыргыздардын саны уламдан улам өсүп, айланасындагы майда урууларды да ичине камтып алган. Бул жагдайдын кыргыздардын исламдашуу процесси менен тикелей байланышы болгондуктан, киришүү бөлүмүндө кыргыз элинин улут катары пайда болушуна кайсы эл менен уруулардын салымы жөнүндө кыскача маалымат берилген. Бул изилдөөнүн биринчи бөлүмүндө кыргыз элинин калыптануусунда негиз болгон уруулардан сырткары сырттан да кошулган уруулардын аракеттерине байкоо жүргүзүү менен исламдашуу жараяны кантип жүргөндүгүн аныктоого аракет жасадкы. Булардын натыйжасында, кыргыздардын исламдашуу процесси

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

жөнүндө так маалыматтарга жетүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси**

Диссертациянын илимий жыйынтыктарын ислам тарыхы, дин маданияты, диндер тарыхы, кыргызстандын тарыхы багыттарында, жалпы изилдөө иштеринде, атайын курс жана семинарларда пайдаланууга болот. Диссертант сунуш кылган диний чөйрөгө байланыштуу айрым сунуштар, мамлекеттик жетекчилер жана Кыргызстан мусулмандары дин башкармалыгы тарабынан өлкөбүздөгү диний абалды стабилдештирүү ишинде жетекчиликке алынуусу максатка ылайык.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор**

- Коомчулукту кыргыз элинин ислам динин кабыл алуу жараяны тууралуу ар түрдүү пикирлердин ордуна туура жана так маалыматтар менен камсыздайт;
- Кыргыз элинин исламдашуу жараянын ар түрдүү факторлордун айланасында чечмелеп түшүндүрөт;
- Кыргыз элинин өтө эле кеч мусулман болушкан деген көз караштардын ордуна туура жана так маалыматтарды берет;
- Мусулман маданияты менен жуурулушкан кыргыз элинин өзгөчө оозеки маданиятында исламдын ордун ачып көрсөтөт.
- Кыргыз тарыхында исламдын канчалык деңгээлде таасирдүү болгондугун көрсөтүп берет.
- Дин таануу предметин окутууда кээ бир темалардын терең үйрөнүлүүсүнө шарт түзөт.

**Иштин апробацияланышы**

Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий конференцияларда жана симпозиумдарда докладдар жасалды. Чет элдик

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

жана жергиликтүү илимий журналдарда жыйырмадан ашуун макаласы жарык көрдү.

**Диссертациянын жалпы түзүлүшү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, параграфтан, корутундудан жана библиографиядан турат.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

# ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү** бөлүмүндө кыргыздардын ислам динин кабыл алуудан мурдагы социалдык, диний жана маданий абалдары чагылдырылган маалыматтар да берилген. Бул маалыматтар кыргыздардын исламдашуусун камсыздаган диний, социалдык, маданий, саясий, экономикалык таасирлеринин да белгиленишине да чоң салымын кошту. Бул процесстин аныкталып-такталуусунда ислам тарыхы булактары менен кыргыздын тарыхый булактары салыштырылып колдонулду.

Биринчи бөлүм, **«Кыргыздардын исламдашуу жараяны»** деп аталып, биринчи параграф **«Караханиддер доору (840-1212)»** бөлүмүндө кээ бир кыргыз урууларынын мусулмандашуу жараяндары тууралуу маалыматтарга орун берилди. Ошону менен катар Кыргыз мамлекети менен каракытайлардын ортосундагытактап айтканда X-XI кылымдарда бир катар саясий окуялар болуп өткөн. Мунун натыйжасында кыргыз урууларынан кээ бирлери батышка кээ бирлери болсо, түндүккө чегинүүгө аргасыз болушкан. XIII кылымда Чынгыз ханга карамды болгон кыргыздар моңгол кошууну ичинде ар түрдүү согуштук жортуулдарга катышкан. Мунун натыйжасында кыргыздардын маанилүү бөлүгү Теңир-Тоо жана Батыш Сибирь аймагына отурукташкан. Бул мезгилден баштап кыргыздардын мусулмандашуу процесси көбүрөөк **Чагатай хандыгы** менен байланыштуу жүргөн, бирок кыргыз урууларынын башка түрк-моңгол мамлекети болгон Алтын Ордо мамлекетинде жашашкандыктары тарыхый чындык болуп саналат. Ошол себептүү тарыхчылардын кыргыздардын мусулмандашуу жараянында көз жаздымда калтырышкан бул жагдай эң башта ислам тарыхы булактары жана

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

башка изилдөө булактарынын жардамы аркылуу тастыкталып, мазмуну жактан жаңы көз карашты пайда кылды.

Баарыбызга маалым **Алтын Ордо мамлекети** түптөлбөстөн мурда ислам дини бул аймакта жайыла баштаган болчу. Бирок монгол чапкыны менен эки аймакта тең исламдын жайылуусунда токтолуу болсо да, мусулмандашуу иш-аракеттери өкүмдарлардын исламды кабыл алууларынын натыйжасында жаңыдан күчкө ээ болгон. Алтын Ордо өкүмдары Берке хандын (1255-1266) исламды кабыл алуусунан соң түрк-моңгол уруулары менен кошо кыргыз урууларынын арасында да жайыла баштаган ислам, өзгөчө Өзбек хандын доорунда (1212-1340) жана Алтын Ордого көз каранды Ак Ордо хандыгынын өкүмдары Эрзен доорунда (1320-1344) өтө тез темпте жайылган.

Ал эми кыргыздардын исламдашуу процесси Чагатай хандыгынын уландысы болгон **Моголистан хандыгы**нын алгачкы өкүмдары Туглук Темир доорунда (1348-1363) да тездик менен өнүккөн. Аймактын жашоочуларынын маанилүү бөлүгү ислам динин кабыл кылышкан. Ошондой эле Алтын Ордо хандыгында жашаган кыргыз урууларынын арасында да,ислам дини бүткүл тездиги менен жайылуусун улантткан. Бул доордо исламга үгүт иштери Түштүк Сибирь аймактарында жашаган кыргыздардын арасында да жүргөн. Мунун натыжасында кээ бир кыргыз уруулары исламды кабыл кылышкан. Бирок бул жерде кыргыздардын маанилүү бөлүгү Жунгар чапкыны жана андан соң падышачылык Орусиянын Түштүк Сибирь аймактарын басып алуусунан улам түштүккө көчүүгө аргасыз болушкан. Түштүккө башкача айтканда мусулман кыргыздардын жанына көчүп келген кыргыз уруулары да исламды кабыл кылышкан.

Үчүнчү бөлүмдө **кыргыз оозеки маданиятында ислам**дын да

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

орду белгиленүүгө аракет жасалды. Анткени, бир улуттун диний баалуулуктарын тааныштырууда маани бериле турган нерсе, алардын маданияттарындагы диний ишенимдери болуп саналат. Кийинчерээк кыргыздар жашаган географиялык аймактарда курулган исламдык уюмдардан мечит, медресе, ханаках, мектеп, карыхана, рибат жана кербенсарайлардын жогорудагы коомчулуктун исламдашуусундагы жана билим берүү деңгээлдеринин жогорулатуусундагы таасири изилденген.

Бул изилдөө ишинде ислам тарыхый методологиясынын негиздерине жооп берүүгө аракет жасадык. Окуялар жана фактылар илимий тарыхый түшүнүк менен себеп-окуя-натыйжа принцибинин ичинде анализ, сын-пикир жана синтездин негизинде каралган. Темабыз жалпы түрк тарыхы менен байланыштуу болгондуктан, бул доорго тиешелүү тарыхый булактар тандалып изилденилип, колго тийген материалдар илимий негиздердин алкагында бааланып колдонулду.

**Иштин корутунду бөлүмүндө** изилдөөдө келип чыккан жыйынтыктар берилди.

Өтмүшү биздин заманга чейинки доорго таянган кыргыздардын алгачкы мекени Чыгыш Теңир-Тоолору саналат. Б. з. Vкылымында кыргыздар Энесай тарапка көчүүгө аргасыз болушкан. Андан соң Түрк жана Уйгур каганаттарынын карамагына кирген кыргыздар 840-жылы өз мамлекеттерине ээ болушкан. Бул доордо алардын алдыңкы кошуундары батышта Теңир-Тоо, Кашгар жана Талас аймактарына дейре чабуулдарды уюштурушкан. Бул процессте кээ бир кыргыз уруулары аталган аймактарга отурукташышкан, аймакта калган кыргыздар болсо Алтай, Энесай жана Түштүк Сибирь аймактарында жашоону улантышкан.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

Баарыбызга маалым ислам дини VIIIкылымдан баштап түрк тилдүү элдердин арасында жайыла баштаган. Бул учурда ислам Түркстан аймагына отурукташкан кээ бир кыргыз урууларынын арасына да жайыла баштаган. Мисалы бул изилдөө кыргыздардын ичкилик канатын түзгөн кээ бир уруулардын ошол доордо исламды кабыл кылышкандыктарын тастыктайт. Аймактагы мусулмандашуу жараяны, өзгөчө Караханиддер мамлекетинин курулуусунан кийин IX-X кылымдарда дагы да күчөгөн. Караханид өкүмдарлары мусулман болбогон түрк элдеринин арасында да ислам динин жаюу аракетинде болушуп, кээ-кээде аларга карата казаттарды уюштурушкан. Бул аракеттердин натыйжасында кээ бир кыргыз уруулары да кирген түрк элдери ислам динин топ-тобу менен кабыл кылышкан.

Иликтөөлөрүбүз боюнча кыргыздардан эски ишенимдерин уланткан кээ бир уруулар эң соң XVIII кылымда ислам динин кабыл кылышкан. Бул жагдайды алардын узак мөөнөт түрк-мусулман борборлорунан алыста Түштүк Сибирь, Алтай жана Энесай аймагында жашоосу менен байланыштыруу мүмкүн. Ошол себептүү кыргыздардын мусулмандашуусу түштүккө карай көчүүсү аркылуу болуп өткөн жараян болуп эсептелет.

Ислам дини жер шарындагы ар түрдүү улуттарга ар түрдүү факторлор аркылуу жайылган. Бул факторлордун кыргыздардын исламдашуусунда ролу болгондугун айтууга болот. Факторлорду катары менен диний, социалдык, маданий, саясий, экономикалык жана мистикалык деп атоого болот. Ислам дининин ар түрдүү улуттар арасында жайылуусунун башында анын универсал, адамзат жашоосун бүт жагынан камтуучу жана түшүнүктүү түрдө болгондугун айтууга

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

болот. Исламдын мындай диний сапаттары албетте кыргыздардын да мусулмандашуусунда роль ойногон.

Мындан сырткары кыргыздардын салттык ишенимдеринде башкача айтканда көкөтеңир ишениминде болгон тагдыр, акырет жана периште ишениминин ислам дининдеги ыйман негиздерине окшоштугу аларды исламга багыттаган. Өзгөчө ислам дининдеги жихад түшүнүгү да жоокер мүнөз кыргыз элине туура келип, исламды кабылдоодо бир фактор болгон. Ошондой эле коомдук биримдикти жана коомдук жардамдашууну үндөгөн ислам дини бул жагы менен да адамдарды өзүнө тарткан. Бул жагдайда кыргыздардын исламды кабыл алууларында аталган диндеги социалдык жардамдашуу жана социалдык адилеттүүлүк принциптеринин роль ойногондугун айтууга болот. Атүгүл мусулмандар менен кыргыздардын ортосундагы коомдук мамилелерди IX-X кылымдарга дейре алып барууга болот. Булактар бул доордо Кыргыз өлкөсүндө да мусулмандардын бар экендиги жөнүндө маалыматтарды беришет. Бул себептүү мусулман жашоосун жакындан таануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана окууларын кабылдаган кыргыздар ислам динин башка уруулаштарына жайышкан. Исламдык ибаадаттардын мусулмандар тарабынан социалдык жашоодо аткарылышы да кыргыздардын мусулмандашууларында башка факторду түзөт. Бул жагдайда ислам дининин кыргыздар арасында жайылуусу ал коомдун социо-психологиялык абалы жагынан изилдөөгө алынган.

Жайылыш жараянында ислам барган бардык жеринде жаңы маданияттар менен жуурулушкан жана аларды өз ичине камтыган. Ар түрдүү маданияттарга ээ элдер ислам алып келген жаңы баалуулуктар, түшүнүктөр жана универсалдуу динамизм менен көөнөлөшкөн маданий

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

тажрыйбаларын жаңылашкан жана бири-бирин таасирлентүү аркылуу ислам маданиятына салым кошушкан. Маданий тармактагы ийгиликтин жышааны катары ислам дини бүт дүйнөдө терең таасирлерди калтырган. Мындан сырткары ар түрдүү ой-сезим жана маданияттар менен байланышка ачык болгон. Ошондуктан исламдын кыргыздар арасында жайылуусу, ислам маданиятынын Түркстанда жогорулоосу ири илимий, маданий жана соода борборлорунун түзүлүүсү аркылуу да жакындан байланышта болгон. Түркстанда түзүлгөн бул түрк-мусулман маданияты кийинчерээк кыргыздарга да таасир эткен. Теңир-Тоо жана анын айланасында жашаган кыргыздар IX кылымдан баштап маданият жагынан мусулмандардан көптөгөн тармакта таасирленишкен. Мисалы кыргыздар мусулмандар менен коңшу болуп, бири-бири менен аралаш жашагандан баштап мусулманча аттарды алышкан, мусулман коңшуларынын кийим-кечелеринен таасирленишкен. Азыркы күндө да улуттук кийимдердин катарында маалым болгон кыргыз аялдарынын кийимдерине караганда исламдын таасириндеги кийинүү маданиятын өнүктүргөндүктөрүн көрүүгө болот. Ошондой эле баланын кулагына азан чакырып ат коюу, баланы сүннөткө олтургузуу, үйлөнүүдө никенин кыйылуусу, кимдир-бирөө көз жумганда жаназа намазын кылуу сыяктуу ырасымдар көбүрөөк маданий жол аркылуу кыргыздардын турмушуна кирген түрк-мусулман маданиятынын үлгүлөрүнөн саналат. Бул жагынан исламдын кыргыздардын арасында жайылуусунда социо-маданий фактордун айланасында жаңыдан көз караш пайда кылынган.

Ислам дини кыргыздардын арасында саясий жана экономикалык факторлор аркылуу да жайылган. Кыргыздар IXкылымдан баштап Караханиддер мамлекети жана ага коңшу жерлерде жашашкан. Ошол себептен ислам дини саясий факторлор аркылуу да жайылган. Бул

доордо Маверауннахр аймагын башкарган Саманиддер династиясы (875-999) саясий эгемендүүлүктөрүн күчтөндүрүү максатында түндүктөн жана чыгыштан келген түрктөрдүн чабуулдарын токтотууга аракет кылышып, чек ара аймактарына рибаттарды (чек ара гарнизону) курушкан. Өзгөчө кээ бир кыргыз урууларына коңшу болгон Фергана аймагы жакшылап бекемделген. Башка тараптан Караханид өкүмдарларынан кээ бирлеринин каратып алуу чабуулдарын жасашкандыктары жана аймактын маанилүү стратегиялык борборлорунда мечиттерди курдурткандыктары маалым. Мунун кийинки үлгүлөрүн Чагатайлар доорунда да көрүүгө болот. Бул доордо мусулман болгон кыргыздарга мамлекеттик иштерде кызматтар берилген жана саясий укуктар таанылган. Кошуун башчылыктарына жана аймак башкаруучулуктарына дайындалган кыргыздар, аскердик, саясий жана башкаруучулук милдеттерди аткарышкан. Мисалы Мухаммед Кыргыз Сейийд хан тарабынан кыргыздардын амири катары дайындалган. Бул абал исламды кабыл кылууда кыргыздарды кызыктырган.

Кыргыздар менен мусулмандардын соода-сатык байланыштары IX кылымга дейре таянат. Бул доордо мусулман өлкөлөрүнөн кыргыз өлкөсүнө соода кербендери барып турган. Кыргыз өлкөсүнөн алынып келинген мисктер ислам дүйнөсүндө абдан жактырылган жана кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн колунан чыккан курал-жарактар, темир буюмдар дагы Багдатта чоң кызыгууну туудурган. Кыргыздардын илгертен бери Тибет, Кытай жана Түркстан менен байланыш куруп, башка дин жана ишенимдер менен таанышкандыктары жана кээ бирлеринин болсо бул ишенимдерди кабыл кылышкандыктарын эске алганда мусулман коңшулары менен соода-сатыкты өнүктүрүүнү каалаган кыргыздардын ал аркылуу исламды кабыл кылышкандыктарын ойлоо мүмкүн.

Мусулман дүйнөсүнүн бардык жеринде ханакахтар курулган. Исламдын өзгөчө көчмөн түрк элдери арасында жайылуусунда мусулман суфий өкүлдөрүнүн ролу талашсыз чоң болгон. Бул тема кыргыздардын мусулмандашуу мисалында ачык түрдө көрүлөт. Ошондой эле исламды Түркстан аймагында басып алуулардын коркунучтуу алааматтарынан куткарып калган күч да мистицизм болгон. Түркстандагы мистицизм жана тарыйкаттардын аймак элинин арасындагы таасирдүү болгон доорлору Каракытай, Моңгол жана Калмак чапкындары мезгилдери болгон деген ойдобуз. Кыргыздардын да аталган доорлордо руханий жана социалдык баш паанек табуу максатында мистицизм өкүлдөрүнө кайрылышкандыктарын айтууга болот. Кыргыздарды исламга багыттаган башка фактордун да, эски ишенимдеринде керемет ээлери деп санашкан камдарга (бакшыларга) болгон ишениминде деп ойлойбуз. Кыргыздар мусулмандар менен коңшу болушкан кезде түрдүү кереметтерди көрсөткөн мистицизм өкүлдөрүнөн; дербиш, олуя жана шайыктардан абдан таасирленишкен жана алар менен камдар арасында байланыш курушкан. Кыргыздардын суфизм өкүлдөрү менен болгон байланыштары IX-X кылымдарга дейре созулат. Таанымал Халлажы Мансур да алардан бир өкүл болуп эсептелет. Мындан сырткары Түркстан аймагында уюмдашкан Ясавилик, Кадырийлик, Ишкилик жана Накшибандилик тарыйкаттарынын кыргыздардын мусулмандашуусунда абдан чоң орду болгон.

Кыргыз тили кылымдар бою көбүнчө оозеки түрдө жашап келген. Мунун негизги себеби алардын көчмөн турмуш тиричилик кылуулары десек болот. Бирок кыргыздардын да Түркстан аймагында курулган жана кызмат кылган билим берүү мекемелеринен пайдалангандыктары маалым. Билим берүү мекемелеринен сырткары кезип жүрүүчү

мусулман мугалимдерден да билим алган, натыйжада исламды үйрөнүп билген кыргыздар алган маалыматтарын оозеки маданияттарында чагылдырышкан. Бул туурасында макал-лакаптардан эпосторго дейре созулуп жаткан кыргыздын оозеки маданиятында исламдын орду ачык түрдө көрүнүп турат.

Башка мусулман элдеринде болгондой элеислам кыргыз маданиятына да зор таасирин тийгизген. Эң оболу ислам дининин негизи болгон Куран жана хадис китептеринен пайдаланган жана ошондой эле башка мусулман адабияттарын да окуган мусулман кыргыздар ал жерде баяндалган маалыматтарды оозеки маданияттарында чагылдырышкан. Атүгүл кээ бир ислам принциптерин же Курандагы фразеологизмдерди накыл сөз жана макал-лакап түрүндө күнүмдүк турмуш-тиричиликтеринде пайдаланышкан.

Жыйынтыктап айтканда христиан дининин, буддизмдин жана шаманизмдин бири-бирине үстөмдүктө болуу үчүн кылган аракеттери жүргөн Түркстанда, кайсы бир динди тандоо жолунда кыргыз эли исламды тандоо аркылуу аны улуттук дини катары да кабыл кылышкан. Ошентип исламдан мурунку диний ар түрдүүлүктүн ордуна диний биримдик орногон. Кыргыз эли да мусулман маданиятынын бир мүчөсү абалына келишкен.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган**

***Монографиялар***:

1. Ислам (ишеним, ибадат, адеп-ахлак). - Ош, 2013. 12 б.т.
2. Хутбалар. -Бишкек 2016. 14 б.т.
3. Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы. - Бишкек 2016. 20 б.т.

***Макалалар***:

1. Орто кылымдарда азыркы кыргызстан аймагында жана кыргыздарда билим берүү маселеси// Теология факультетинин илимий журналы, Ош 2004. -0.4 б.т.

2. İslam tarihi kaynağı olarak kırgız şecereleri (Ислам тарыхы булагы катары кыргыз санжыралары)//Uluslararası Türk dünyasının İslamiyete Katkıları Sempozyumu, Ыспарта-Түркия, май-июнь 2007. - 0.4б.т.

3. Кыргыздардын ислам динин кабыл алуусунда Ясавиликтин ролу //Материалы международной конференции исламская цивилизация в Центральной Азии, Стамбул 2010. -0.9 б.т.

4. Чыңгыз хан доорундагы кыргыз уруулары жана алардын кыргыз элинин калыптануусундагы ролу//Жалалабат, май 2008. -0.4 б.т.

5. Ясавилик жана кыргыздар //Түркстан-Казакстан, сентябрь 2008-0.4 б.т.

6. Кыргыз маданиятында Азирети Мухаммед сүйүүсү// V-международная научная конференция, Вестник Ошского государственного университета специальный выпуск, Ош-2008. -0.3 б.т.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

7. Кыргыздардын исламды кабыл алуусунда ясавилик жана накшибандиликтин ролу// VIII Түрк дүйнөсүнүн Эл аралык илимий-практикалык конференциясы, Жалалабат, июнь 2010.-0.9 б.т.

8. Kırgızlarda islami eğitim üzerine tarihi bir bakış// Теология факультетинин илимий журналы, 14-15- саны, Ош 2011. -0.4 б.т.

9. Kırgızlar'ın İslamiyeti Kabulünde Tasavvuf ve TarikatlerinRolü// Орто Азияда ислам маданияты эл аралык симпозиуму, Кыргыз-Түрк Манас Университети, Бишкек 2012. -0.5 б.т.

10. Кыргыз макалдарында ишенимге байланыштуу мотивдер// Теология факультетинин илимий журналы, 18-19-саны, Ош 2013. -0.6 б.т.

11. Мусулман авторлорунун чыгармаларында Ош шаарынын чагылдырылышы (IX-XVI кылымдардын аралыгы)// Ош мамлекеттик университетинин жарчысы, Ош 2014. -0.3 б.т.

12. Тарыхта кыргыздарда диний билим берүү системасы// И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы, Бишкек 2014. -0.3 б.т.

***Котормолор***:

Пайгамбарымды таанып билем. редактор Мехмет Эрдоган. -Анкара 2008. 5 б.т.

*Ажы Мехмет Кемал Пилавоглу*. Балдар үчүн пайгамбарлар тарыхы. -Бишкек 2008.5 б.т.

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY FineReader 14 Click here to buy www.ABBYY.com

## Аннотация

**Ачкыч сөздөр:** кыргыздар, ислам, караханиддер, чагатайиддер, Тянь-Шань, ясавилик, накшибандилик, кадырийлик, тарихи рашиди, маданият.

Жусубалиев, Али, кыргыздардын исламды кабыл алуусу, доктордук диссертация, жетекчи: Проф. Док. Сейфеттин Эршахин, 241 б.

Түркистандын аймагында узак мөөнөт көчмөн турмушта жашаган кыргыздар караханиддер доорунда мусулмандар менен ар түрдүү байланыштарда болуп, ушул доордон баштап ислам динин кабыл ала башташкан. Мындай көчмөн элдин ислам сыяктуу жаңы динди кандай себептер аркылуу жана кандай жагдайда кабыл алгандыгынжана маданиятында аталган жаңы динге кандай орун берилгендигин далилдөө кыйын иш болсо да пайдалуу илимий изилдөө саналат.

Диссертациябызда кыргыздардын ислам динин кабыл алуулары негиз алынып үч бөлүмдө изилденген.Киришүү бөлүмүндө изилдөөнүн темасы, максаты, колдонулган метод жана булактар жана ошондой эле кыргыздардын исламды кабыл алуудан мурунку абалы туралуу жалпы маалыматтарга орун берилген.

Биринчи бөлүмдө кыргыздардын исламды кабыл алуусу, Караханиддер, Чагатайиддер жана Кокон хандыгы болуп доор-доор изилденген. Себеби кыргыздардын мусулмандашуусу аталган доорлордо ишке ашкан. Мындан сырткары кыргыздардын Алтын ордо аймагында жашашкандыктары себептүү бул аймактагы мусулмандашуу жараянына да орун берилген.

Экинчи бөлүмдө кыргыздардын мусулмандашуусундагы факторлор деталдуу түрдө иликтенген.Бул орунда кыргыздардын мусулмандашуу жараяны социалдык, маданий, диний, саясий, экономикалык жана мистикалык факторлордун айланасында сөз болгон. Изилдөөдө кыргыздардын мусулмандашуу жараянында мистикалык фактордун чоң роль ойногондгу белгиленген.

Үчүнчү бөлүмдө кыргыз маданиятында исламдын таасири баяндалган. Себеби бир элдин жаңы динди кабыл алуу жараяны бир

гана ал элге таандык болгон маданий булактардан жана аларга таандык баалуулуктардан аракеттенип изилдөөгө болот. Өзгөчө бул бөлүмдө кыргыздарда диний билим берүү жана исламий диндарлык деңгээлдери жөнүндө да багыт берүүчү маалыматтар берилген.

Жыйынтыгында кыргыздардын ислам динин кабыл алуулары анализденген. Бул темада кыргыздардын мусулмандашуу жараянынын узак мезгил аралыгында ишке ашкандыгы далилденген. Мындан сырткары кыргыздардын мусулмандашуу тарыхынын Алтын ордо мамлекети менен тыгыз байланышта экендиги белгиленген.

## Аннотация

Ключевые слова: кыргызы, ислам, караханиды,чагатайиды, Тянь-Шань, ясавизм, накшибандизм, кадыризм, тарихи рашиди, культура.

Жусубалиев Али, принятии ислама кыргызов, докторская диссертация, руководитель: проф.док.Сейфеттин Эршахин, 241 стр.

Кыргызы, начали принимать ислам во времена караханидов, когда на протяжении долгого времени жили на территории Туркистана и вели кочевнический образ жизни. Научное исследование причины принятия кочевников новой религии ислам, их последствия, а также какую ей роль выделили в культуре, считается тяжелым, но плодотворным.

Диссертация основывается на принятии кыргызов ислама и делится на 3 части. Во введении даны тема, цель, использованные методы и источники, а также полные сведения о кыргызах до принятия ислама.

В первой части исследованы принятие ислама кыргызами, Караханиды, Чагатайиды и Коконское ханство, так как вступление кыргызов в мусульманство происходило в эти периоды. А также, описана исламизация государства Золотой Орды, так как кыргызы жили на этой территории.

Во второй части указаны детальные факторы о вступление кыргызов в мусульманство. Процесс исламизации касался социальных, культурных, религиозных, политических, экономических и мистических факторов. Исследование показало, что в процессе исламизации сыграло большую роль.

В третьей части описано влияние ислама на культуру кыргызов.Так как, у каждого народа есть свои источники культуры и определенные ценности. В особенности, в этой части описаны направления религиозных образований.

В заключении был проведен анализ принятия ислама кыргызами. Было доказано, что процесс принятие мусульманство происходил в течении долгих лет. А также, что история вступления кыргызов в мусульманство было тесно связано с государством Золотой Орды.

# ABSTRACT

**Key words:** Kyrgyzs, İslam, Karahanids, Chagataids, Tyan-Shan, Yasavizm, Nakshbandizm, Kadirizm, Tarihi Rashidi, culture.

Jusubaliev, Ali, The Acceptance of Islam by Kyrgyzs, Doctorate (phd.) Thesis, Supervisor: Prof. Dr. Seyfettin Ershahin, 241 p.

Before the Islam, Kyrgyzs lived as nomadic groups in Turkestan steps for a long time. In Karahanid era, they established some relations with Muslims and then they began to accept Islam in a long process. It is very difficult and also very useful to determine why and how a nomadic community like Kyrgyzs accept Islam and what is Islam's place in their nomadic culture.

In this thesis, our main focus is the acceptance of Islam by Kyrgyzs. This important subject is studied as tree parts. In the introduction part, there are some general evaluations about main subject, aim, method and sources of the thesis. The introduction part of the thesis also contain some general informations about the conditions of Kyrgyz society before the acceptance of Islam.

In the first part of the thesis, we studied the acceptance process of Islam by Kyrgyzs in Karahanid, Jagatai and Hokand eras. Because Kyrgyzs accepted Islam especially in these three eras. Because of Kyrgyz settlements at Altan Orda territories we also examined what was the situation in these territories.

In the second part of the thesis, we examined the main reasons of the acceptance of Islam by Kyrgyzs with details. In this context, we also

considered Kyrgyzs's acceptance of Islam with its cultural, social, religious, political, economical and Sufistic dimensions.

In the third part of the thesis, it is explained what is the place of Islam in Kyrgyzs culture. We think that the process of the acceptance of a religion can be understood by means of dynamics and cultural sources of the societies. We also gave some illuminating informations about the situation of religious education and the level of piety in Kyrgyzs society in the third part of the thesis.